УДК: 371

Тунгатарова Н.К.

*И. Арабаев ат. КМУ*

# МЕКТЕП ЖАШЫНА ЧЕЙИНКИ БАЛДАРДЫ ТАРБИЯЛООДОГУ УЛУТТУК КААДА-САЛТТАРДЫН КАРАЖАТТАРЫ

Азыркы кыргыз эли коомдук өнүгүү багытын өз колуна алып, эгемендүү эл болуп турганда улуттук мүнөздөгү таалим-тарбия иштери менен өсүп келаткан муундарды тааныштыруу керек болуп турган мезгил. Элдин эртеңки күнүн ойлой турган азаматтарды тарбиялап, аларды аалам турмушу менен бирдикте өмүр сүрүүгө даярдоо элдик таалим тарбиянын үлүшүнө тийип турат.

Баланы тарбиялоонун баштапкы пайдубалы бала бакчада түзүлүп, ушул кезден баштап адамгерчилик, кичипейилдик, адилеттик, эмгекчилдик касиеттери калыптана баштайт. Ата-бабаларыбыздын мол тажрыйбасы менен руханий бай казынасы жаш муундарга керектүү багыт берүүдө салымы чоң мурас болуп эсептелет. Ушундай мурастар жаш муундарды тарбиялоодо элдик иш аракеттин түгөнбөс казынасы экендиги талашсыз.

Элибиз тарбиянын бардык түрлөрү эмгексиз толук болбосун түшүнүп, балдарды эмгектин ар кандай түрлөрүнө тартышкан.

Макал-лакаптар эл чыгармаларынын төл жемиши, улуттук тиричилигинин күзгүсү. Оозеки адабияттын бул бөлүгү адам иш аракетинин себебин тикелей байкоо аркылуу өзүнчө ойду билдире турган, белгилүү бир чечим менен иштин жакшылыгын аныктай турган логикалык кызматтын эталону катары адамдын эмгек аракетинде эң маанилүү роль ойнойт.

Элдик учкул сөздөрдөн турган “Эмгексиз ыракат жок”, “Байлыктын атасы эмгек”, “Эмгек менен эл көгөрөт”,“Эмгек сүйгөн эч убакта кем болбойт”, “Эмгектенсең мураска жетесиң” ж.б. Макал-лакаптардын элибиз эмгекти табияттын адамга берген өлчөөсүз сыйы катарында билип эле тим койбой, эмгектин маанисин,пайдасын кыска жана нуска сөздөр менен көркөм тил менен тааныта билген.

Мектеп жашына чейинки балдарды эмгекке тарбиялоодо эл ичинде кенен тараган санамайдын маанисине токтололу. Санамай сан үйрөтүү менен катар турмушта, чарбада, эмгекке керектүү заттар, нерселер менен тааныштырууда мааниси зор. Ошонун бири “Бирден онго” деген А.Кыдыровдун ырын кыскартып алсак: Бир биримдик, эки эринчээл, үч үмүт, төрт төр жайнаган мал, беш байлык, алты тилек, жети жашың, сегиз сезим акыл, тогуз куралың, он баа бүткөндүн чокусу деп балдарды көп нерсеге үйрөтөт.

Эл жаңылмачтарды баланын психологиясы менен тилинде жолуга турган мүчүлүштөргө карата чыгарышкан. Профессор М.Р. Рахимова “Мөл булак” аттуу тарбиячылар менен башталгыч класстын мугалимдерине арналган колдонмосунда жаңылмачтар көбүнчө мектеп жашына чейинки балдар менен башталгыч класстын окуучуларына ылайыктуу. Элдик мурастын бул түрү да балдардын тилин тактоо, туура сүйлөөгө үйрөтүү, таанып – билүү, билим алуу, тарбиялоо максатын көздөйт. Анын ичинде эмгекке тарбиялоонун да мааниси зор. Мисалы:

Кук, кук паровоз!
Вагондоруң баары дос.
Башка жакка барышпайт,
Бири биринен калышпайт ж.б.

– балдардын так сүйлөөсүнө үйрөтө турган мурдагы жана азыркы кезде колдонула турган жаңылмачтар жардам берет.

Кыргыз эли табышмакты балдардын көргөн билгендеринен ой жүгүртүп бири-бири

менен салыштыруу аркылуу окшоштугу менен айырмасын таап, бир нерсени экинчи нерсеге теңеп, тапкычтык курал катарында пайдаланган. Табышмактар курал жарактардан баштап, идиш-аяк, ийне-жипке чейин ичине камтыйт. Азыркы убакта да бала бакчада окуу тарбия иштеринде табышмактар колдонулуп, өз баасын жоготпой келүүдө. Ал өтө көп колдонула турган тарбия куралынын бир түрү.

Табышмак табуу, аны түзүү оюну балдарга эмгек түрлөрүн жана анын куралдарын тааныштырууда эмгекке болгон кызыгуусун, түшүнүүсүн, маданиятын калыптандырууда мааниси зор.

Тыйуу сөздөр да элдин балдарга таалим тарбия, үлгү, өрнөк, акыл насаат айтууда кубаттуу курал болгон. Бул негизинен балдарга арналып, эл өзү түзгөн эреже катарында аларды жаман адат, жат көрүнүш, болбогон иш, адепсиз кылык жоруктан сактандырууга өтө чоң үлүш кошкон. “Жалгыз даракты кыйба”, “Жалкоо болбо”, “Малды үркүтпө”, “Эринчээк болбо” ж.б. Мындан башка баланын кайталама касиетин эске алып, чоңдордун жат адаттарына сын берип “Баланын көзүнчө эмнеге мындай ишке бардың?”, “Бала сени көрүп өсөт”, “Балдардан уялсаң боло”, “Бала сенин сөзүңдү, ишиңди өмүр бою эсинде сактап калат”  деген нуска сөздөр аркылуу жакшы үлгүгө жана балдарды жагымсыз салттардан, жалкоолуктан сактоого чакырган.

Элибиздин ак тилегин билдирүү белгиси бата берүү: “Бата менен эл көгөрөт” деген сөздү жакшы ишке ак жол каалап, шыктандырып, ыраазычылыгын билдирип, көтөрмөлөө, колдоо иретинде айтылат. Мисалы:  “Көп жаша”, “Бактылуу бол”, “Бай болгур”, “Бар бол” ж.б.  эл ичинде кадыр-барктуу, нарктуу адамдардын батасын алуу, бул ийгиликке жетүү, сапардан аман-эсен кайтып келүү, балалуу болуу ж.б. тилектерде айтылган.

Улуттук оюндардын тарбиялык мааниси да өтө чоң. “Бала оюн менен чоңойот” дегендей, элибиз ага да көп көңүл бурган. Бала кезиңдин өзү оюн-күлкү менен өтөт эмеспи. Оюндардын кызыктуулугу, күлкүлүүлүгү, шаңдуулугу, ыр менен коштолуусу балдардын жан дүйнөсүнө өтө жакын болгондуктан, дайыма баланы коштоп, кылым карыта өз жашоосун улантып келет. Балдар оюндарынын негизги максаты  денесинин түз, бекем, чың болуп өсүшү, күчтүү, шамдагай, эрктүү болуп, эмгек ишаракетин кыйналбай аткарууга үйрөтүү.